КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖЕР РЕСУРСТАРЫ, КАДАСТР, ГЕОДЕЗИЯ ЖАНА КАРТОГРАФИЯ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ЗЕМЕЛЬНЫМ РЕСУРСАМ, КАДАСТРУ, ГЕОДЕЗИИ И КАРТОГРАФИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Б У Й Р У К
П Р И К А З

2026-ж.“______”_____________ №________ Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттикте коррупциялык укук бузууларды жасоого көндүрүү максатында кайрылуу фактылары жөнүндө билдирүү тартибин киргизүү боюнча ишти уюштуруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-августундагы № 537 «Коррупциялык укук бузууларды жасоого көндүрүү максатында кайрылуу фактылары жөнүндө билдирүү тартибин бекитүү тууралуу» токтомун ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Жер агенттиги) кызматкерлеринин коррупциялык укук бузууларды жасоого көндүрүү максатында кайрылуулар келип түшкөн учурда бирдиктүү иш-аракеттер тартибин белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобонун 18-пунктун жетекчиликке алып, буйрук кылам:

1. Жер агенттигинин алдындагы “Кыргызмамжердолбоорлоо” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын, “Мамкартография” геодезия жана картография боюнча мамлекеттик мекемесинин жана филиалдарынын жетекчилерине, борбордук аппаратынын чечимдердин аткарылышын контролдоо жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнө Коррупциялык укук бузууларды жасоого көндүрүү максатында кайрылуу фактылары жөнүндө билдирүү боюнча бекитилген тартипке ылайык аны кызматтык ишке киргизүү боюнча зарыл чараларды көрүү, билдирүүлөрдү кабыл алуу, каттоо жана алгачкы иштеп чыгуу үчүн жоопту түзүмдүк бөлүмдү же кызмат адамын аныктоо тапшырылсын.

2. Жер агенттигинин түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана филиалдарынын жетекчилерине аталган билдирүү тартибин кызматтык ишке киргизүү боюнча зарыл чараларды көрбөгөндүгү, же кызматкерлерди

коррупциялык укук бузууларды жасоого көндүрүү максатында кайрылуу фактыларын жашыргандыгы үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

3. Жер агенттигинин коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү чечимдердин аткарылышын контролдоо жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү менен биргеликте коррупциялык укук бузууларды жасоого көндүрүү максатында кайрылуу фактылары жөнүндө билдирүүнүн белгиленген тартибин сактоо практикасына методикалык коштоо, мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырсын.

4. Чечимдердин аткарылышын контролдоо жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү ушул буйрукту Жер агенттигинин борбордук аппаратынын, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана филиалдарынын бардык кызматкерлерине жеткирсин, ошондой эле ведомствонун расмий сайтына жарыяласын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

Об организации работы Государственного агентства по земельным ресурсам, кадастру, геодезии и картографии при Кабинете Министров Кыргызской Республики по внедрению порядка уведомления о фактах обращения с целью склонения к совершению коррупционных правонарушений

В целях реализации постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 10 августа 2026 года № 537 «Об утверждении Порядка уведомления о фактах обращения с целью склонения к совершению коррупционных правонарушений», установления единого порядка действий работников Государственного агентства по земельным ресурсам, кадастру, геодезии и картографии при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Земагентство) при получении обращений с целью склонения к совершению коррупционных правонарушений, руководствуясь п.18 Положения о Государственном агентстве по земельным ресурсам, кадастру, геодезии и картографии при Кабинете Министров Кыргызской Республики, приказываю:

1. Руководителям Государственного предприятия «Кыргызгипрозем», Государственного учреждения «Госкартография» и филиалов Земагентства, отделу по контролю исполнения решений и делопроизводству центрального аппарата в соответствии с утвержденным Порядком уведомления о фактах обращения с целью склонения к совершению коррупционных правонарушений принять необходимые меры по его внедрению в служебную деятельность, определить структурное подразделение или должностное лицо, ответственное за прием, регистрацию и первичную обработку уведомлений.

2. Возложить на руководителей структурных, подведомственных подразделений и филиалов Земагентства персональную ответственность за непринятие необходимых мер по внедрению указанного порядка уведомления

в служебную деятельность либо за сокрытие фактов обращения с целью склонения к совершению служащими коррупционных правонарушений.

3. Уполномоченному по вопросам предупреждения коррупции совместно с отделом по контролю исполнения решений и делопроизводству Земагентства осуществлять методическое сопровождение, мониторинг и анализ практики соблюдения установленного порядка уведомления о фактах обращений о коррупционных правонарушениях.

4. Отделу по контролю исполнения решений и делопроизводству довести настоящий приказ до сведения всех работников центрального аппарата, подведомственных подразделений и филиалов Земагентства, а также опубликовать на официальном сайте ведомства.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

Директор **Э.Ж. Зарнаев**